**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ДЕПАРТАМЕНТ**

**ДЕПАРТАМЕНТ ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК

28-март 2024-жыл № 43 Бишкек шаары

**«Газпром Кыргызстан» ЖЧКтан калк үчүн берилүүчү жаратылыш газына тариф жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын аймагына жаратылыш газын ташуу, бөлүштүрүү жана сатуу чөйрөсүндө кызматташуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосундагы 2013-жылдын 26-июлундагы макулдашууга, «Энергетика жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2016-жылдын 8-декабрындагы № 5 буйругу менен бекитилген жаратылыш газына тарифтерди түзүү үчүн өздүк наркты аныктоонун усулдугуна, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрилигинин 2023-жылдын 22-декабрындагы № 01-13/262 «Газпром Кыргызстан» жоопкерчилиги чектелген коомунун 2024-жылга жаратылыш газынын нормативдик жоготууларын бекитүү жөнүндө» буйругуна ылайык, отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу маселелери боюнча комиссиянын 2024-жылдын 27-мартындагы № 06/11 протоколун эске алуу менен **буйрук кылам:**

1. 2024-жылдын 27-мартына карата АКШнын 1 долларына 89,51 сом Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий курсун эске алуу менен 2024-жылдын 1-апрелинен тартып «Газпром Кыргызстан» ЖЧК тарабынан берилген жаратылыш газына калк үчүн тариф 1000 м3 га 20 693,21 сом өлчөмүндө белгиленсин (салыктарды эсепке албаганда).
2. «Газпром Кыргызстан» ЖЧК үчүн калкка берилүүчү жаратылыш газынын наркынын калькуляциясы ушул буйруктун тиркемесине ылайык бекитилсин.
3. «Газпром Кыргызстан» ЖЧК бекитилген калькуляцияны негизге алып, ар бир айдын биринчи күнүнө карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан бекитилген АКШ долларына карата улуттук валютанын расмий курсун эске алуу менен нормативдик жоготуулар, сатып алуу наркы жагында калк үчүн жаратылыш газына тарифтерди кайра эсептөөнү ай сайын ишке ашырсын.

4. Жаратылыш газына тарифтерди белгилөө үчүн Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке берилген маалыматтардын толуктугуна жана тууралыгына жоопкерчилик «Газпром Кыргызстан» ЖЧКтын жетекчилигине жүктөлсүн.

5. 2024-жылдын 1-апрелинен тартып Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2024-жылдын 1-мартындагы № 30 «Газпром Кыргызстан» ЖЧКтан калк үчүн берилүүчү жаратылыш газына тариф жөнүндө» буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

6. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы ушул буйрукту «Газпром Кыргызстан» ЖЧКка жөнөтсүн.

7. Маалымат катчы ушул буйрукту жалпыга маалымдоо үчүн Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жарыяласын.

8. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г. И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т. Э. Орозалиев**